УДК: 821.512.154

*Борбучалова Б. Ж., окутуучу,*
*akdasti@mail.ru*
*К. Карасаев ат. БМУ, Кыргызстан*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН "САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ" ПОВЕСТИНДЕ УЛУТТУК МҮНӨЗДҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

*Доорубуздун улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов улуттук адабиятыбызды улам жаңы тема, жаңы көрүнүштөр менен байытып, жаңылап келди. Ал азыркы күндө абдан керектүү болуп турган улуттук чындыкты, улуттук мүнөздү чагылдырууну баштап, жол салып берген.*

*Адамзат азыр башынан кечирип жаткан ашкан татаал турмуш жана дүйнөлүк маданий өнүгүүнүн бүгүнкү бийиктиги аларга өз элдеринин жашоо-тиричилиги менен аң-сезиминдеги мифологиялык архаиканын семантикасына сергек саресеп салып, аны терең философиялык-моралдык жалпылоолор үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берүүдө. Бул тенденция Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында алгач ирет «Саманчынын жолу» повестинен ачык көрүндү.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *улуу, Чыңгыз, роман, жазуучу, повесть, улуттук, философия, чыгарма, "Саманчынын жолу", реалист, мүнөз.*

*Борбучалова Б. Ж., преподаватель,*
*akdasti@mail.ru*
*БГУ им. К. Карасаева, Кыргызстан*

# ОТРАЖЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО ХАРАКТЕРА В ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «МАТЕРИНСКОЕ ПОЛЕ»

*Произведения великого писателя современности Чингиза Айтматова постоянно обогащают и обновляют нашу национальную литературу новыми темами и новыми сюжетами. Он отразил национальную действительность, национальный характер, что очень важно сегодня. Именно эту тему он поднимал в своих романах, начиная с первых рассказов, и поднял на высокий уровень.*

*Чрезвычайно сложная жизнь, которую переживает сейчас человечество, и нынешняя высота мирового культурного развития позволяют им тщательно анализировать семантику мифологической архаики в жизни и сознании своего народа и использовать ее для глубоких философско-нравственных обобщений. Эта тенденция впервые отчетливо прослеживается в творчестве Ч. Айтматова в повести "Материнское поле".*

***Ключевые слова****: великий, Чингиз, роман, писатель, рассказ, народный, философия, произведение, материнское поле, реалист, характер.*

*Borbuchalova B. J., e-mail:akdasti@mail.ru*
*Lecturer of the Department of State Language,*
*Bishkek State University named after K. Karasayev,*
*Kyrgyzstan*

# REFLECTION OF THE NATIONAL CHARACTER IN THE STORY OF CHINGIZ AITMATOV "MOTHER EARTH"

*The great contemporary writer Chingiz Aitmatov constantly enriches and updates our national literature with new themes and new plots. So it began to reflect the national reality, the national character, which is very important today. It was this theme that he raised in his novels, beginning with his first stories.*

*The extremely complex life that humanity is experiencing now and the current height of global*

*cultural development allow them to carefully analyze the semantics of the mythological archaic in the life and consciousness of their people, and use it for deep philosophical and moral generalizations. This tendency was clearly visible for the first time in Chingiz Aitmatov's work in the poet's story “Mother Earth”.*

***Key words**: great, Chingiz, novel, writer, story, folk, philosophy, work, Mother Earth, realist, character.*

Доорубуздун улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов улуттук адабиятыбызды улам жаңы тема, жаңы көрүнүштөр менен байытып, жаңылап келди. Ал азыркы күндө абдан керектүү болуп турган улуттук чындыкты, улуттук мүнөздү чагылдырууну баштап, жол салып берген. Дал ушул теманы алгачкы повесттеринен баштап, романдарында бийиктикке чыгарган. Алардын бири – “Саманчынын жолу” повести. Повесттин аталышы чыгарманын бүткүл духуна жана идеялык өзөгүнө куюп койгондой эриш-аркак келип, кандайдыр бир терең философиялык жаңырык берип турат.

«Саманчынын жолу» чыныгы поэзиялык чыгармалар сыяктуу капыстан, адаттан тышкары, окуучу күтпөгөн караманча шарттуу-символдуу ыкма менен башталат. Эне менен Жер сүйлөшөт. Эки карт муң айтышат, сыр айтышат.

Толгонай өз аңгемесин жаш чагынан баштайт. Ал турмуштун бардык жакшылыгынан кур калган жок. Адам өмүрүнүн ашкан улуу зыйнаты — чыныгы махабаттын даамын татты. Жаңы заман келгенде, эмгектен баар таап, бала-чакасынын үзүрүн көрдү. Адамдык бакыт деген эмне экенин ал өз башынан өткөрдү. Ошол себептен ал жаш чагын ичи элжиреп, бир башкача арман аралаш мээрим менен эскерет. Чыгарманын ушул жерлери Чайковскийдин айтылуу Алтынчы симфониясынын башталышын эске салат. Анан ал симфониянын армандуу кубанычка толуп турган жыбылжыган назик агымын капилеттен каптап кирген коркунучтуу күч шарт бузат эмеспи.

Анын сыңары жакшы турмуштун үзүрүн, өз перзенттеринин убайын көрүп жаткан Толгонайдын бактылуу тагдырына күтүлбөгөн жерден согуш бүлгүн салат. Кырсыктар аны куду удаалаш келген деңиз толкуну сыяктуу ургулайт. Өмүрлөш жарынан, үч азамат уулунан ажырайт. Бул жан чыдагыс трагедия Эненин кабыргасын кайыштырат, бирок аны биротоло мүңкүрөтө албайт. Акыры барып арзып күткөн Жеңиш да келет. Ага эл катары Эне да кубанат. Бирок анда зор күйүттүн даамы бар эле, анткени Жеңиш ага кара кийип, кайгы менен келди.

Толгонай жанындай жакшы көргөн келини менен калат. Көп өтпөй келини да кайдыгер бир адам менен байланышып, андан боюна бүтүп, төрөттөн жан берет. Кемпир акыркы медеринен кол жууйт. Бирок ал караманча таптакыр эле мөгдүрөп, таптакыр эле үмүтсүз калбайт. Келининен калган бала ал үчүн турмуш жана келечек менен байланыштырып турган жаңы медер болот. Демек, адам үмүтү эч качан бүтпөйт, адам тукуму эч качан үзүлбөйт, турмушту токтотуучу күч жок. Адам баарын жеңет. Адам эч убакта касиеттүү жерге дан чачпай калбайт. Чыгарманын түпкү идеясы ушуга барып такалат. Ушул идеяны Саманчынын жолу жөнүндөгү легенда ого бетер тереңдетип, ага символикалык маани берет.

Толгонай бактылуу жаш чагында, бала-чакалуу болгондо да, кыйын күндөрдө да, акырында бар-жогунан бүтүндөй ажырап, жалгыз медери менен калганда да так төбөсүндө «…жаңыдан чубуруп түшкөндөй, алда ким азыр гана зор кучак саман көтөрүп өткөнсүп, жылдызданган күмүш топондору себеленип, аларга жел тийгенсип, жылт-жулт этип кошулуп жаткан» [4: 11] Саманчынын жолун көрөт. Саманчынын жолу — адамзаттын жолу. Арыбаган, карыбаган, өлбөс-өчпөс адамзаттын жолу.

Ошентип, карапайым кыргыз аялынын ары кайгылуу, ары кайраттуу тагдыры өтө кеңири жалпылоочу күчкө жетишип, жалпы адамзаттык мааниге көтөрүлөт; анын образы Жер үстүндөгү бардык энелердин жалпылаштырган залкар образына айланат; андан ары тереңдеп отуруп, ал образ алдына келген нечен кырсыктарды жеңип, жакшы

үмүтү менен бакты-таалайына карай ишенимдүү кадам таштап бараткан эркин адамдын символикалуу образына органикалык түрдө өсүп чыгат. Чыныгы искусствонун жалпылоочу күчү дал ушундай болот! Баса, Чыңгыздын талантынын эпикалык кулачын да, анын лаконизминин сырын да дал ушул жалпылоодон издөө керек. Чыгарма бүткүл турушу менен согуштун каарын аябай тарткан адамзаттын урушка каршы кыйкырган урааны сыяктуу таасир калтырат.

Совет адабияты шарттуулукту жокко чыгарган эмес. Ал – улуу Горькийден бери келе жаткан салт. Бул повестте окуяларды баяндоо ыкмасы – кыргыз адабиятында мурун жолукпаган оригиналдуу жаңы ыкма. Башкы каарман Толгонайдын башынан өткөргөн окуялары символикалык түрдө алынган Жер-эне менен сүйлөшүү аркылуу баяндалат. Турмушта жер менен адамдын сүйлөшүүсү мүмкүн эмес. Ал эми повестте Толгонай башынан өткөргөндөрүн, оюн, тилегин бүт бойдон Жср-энеге айтып, андан кенеш сурайт, андан дымак алып, бүгүнкү күнгө, анын келечегине көз жүгүртөт. Демек, Толгонайдын Жер-эне менен сүйлөшүүсү – адабияттагы (ал эми кыргыз адабиятында биринчи жолу) шарттуулук. Эгерде ошол шарттуу образ чыгарманын алдына коюлган проблеманы чечүүгө алгылыктуу тандалып алынса, ошол образ чыгармадагы реалдуу образдарды ачууга жардам берип, анын каны-жанына аралашып сиңип кетсе, анда ал реалисттик образдар менен бирдей жүк көтөрүп жашай берет. Ч. Айтматовдун чебер каламынан жаралган «Саманчынын жолу» повестиндеги Жер-эненин образы ошондуктан Толгонайдын образы менен бирдей турган, бирдей жүк көтөргөн монументалдуу образ болуп эсептелет.

«Саманчынын жолу» каардуу согуштун катаал жылдарын камтыйт. Мында жеке адамдын тагдыры жөнүндө эмес, коомдун өнүгүшүнүн белгилүү бир этабындагы бүтүндөй элдин тагдыры жөнүндөгү проблема көркөм жалпылаштырылат. Тактап айтканда, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда кыргыз аялынын башынан кечирген трагедиясы, баатырдык эмгеги, темирдей бекем эрки, коомго жана турмушка болгон оптимисттик көз карашы бүтүндөй кыргыз элинин Мекенге байланышкан тагдыры, көз карашы, келечек максаты, аракети менен жуурулушуп, Улуу Ата Мекендик согуштагы кыргыз элинин тарыхына айланган. Бирок мында согуш талаасындагы жоокерлердин массалык эрдиги, өзүн курман кылышы жөнүндө эмес, аялдын, эненин баатырдыгы жөнүндөгү баян башкы маселе болуп саналат. Повесттин окуясы улгайып калган Толгонай эне менен Жер-эне экөөнүн ортосундагы диалог аркылуу өнүгөт.

«Саманчынын жолу» — адамдын өлбөстүгү жөнүндөгү, Адам менен өлүмдүн бетме-бет кармашы, өлүмдү адамдын жеңип чыгышы жөнүндөгү философиялык чыгарма. Толгонайдын адам башына сейрек келүүчү мындай оор трагедиясын чыдап угушка тең келе турган күч жалгыз гана Жер-эне болучу. Анын үстүнө, Толгонайдын жыргалынын да күбөсү ар дайым жалгыз Жер-эне болучу. Эгерде жазуучу Толгонайдын оор трагедиясын, тендешсиз баатырлыгын, келечекке болгон оптимизмин, өмүр-тарыхын баяндаш үчүн, диалог куруш үчүн Жер-энеден, Энеден башка бир шарттуу образ тандап алган болсо, мүмкүн, чыгарма мынчалык ишенимдүү да, оригиналдуу да болбой калат беле? Ким билет! Жазуучунун тереӊ философиясы мына ушунда. Согуш Толгонайдын Субанкулун да, Касым, Майсалбек, Жайнагын да алып кетти. Согуш басылгандан кийин өлүм Алиманды да алды. Бирок согуш менен өлүм бардыгын кыйратып кете алган жок. Дагы эле Эне калды, өлгөндөрдүн ишин уланта турган Жанболоттой уул калды. Демек, Адам согушту да, өлүмдү да жеңип чыкты. Согуш да, өлүм да Толгонайдын эркин майыштыра алган жок, майышмак гана турсун, эми карыса да Толгонай ошол каардуу согуштун мезгилиндеги өзүнүн мурун көргөн трагедиясын түшүндүрүп айтып, аны түбөлүккө болтурбай коюуга, ал үчүн бүткүл дүйнөнүн булуң-бурчунда жашаган адамдарга кайрылууга жаркыраган күндү,

сапар чеккен булутту, бир боор жерди чакырьш отурат. Адамдын өлбөстүгү, адамдын улуулугу жөнүндөгү чыгарма экендигин повесттин эн акырындагы Толгонай менен Жер-эненин диалогу дагы бир жолу ырастап турат. Баарынан улуу жаралган адамдын өлбөстүгүн, жеңишчилдигин даңазалоо чыгарманын негизги лейтмотиви болуп саналат. Толгонайдын Жер-энеге кайрылуусу же өзүнүн өмүр жолун баяндап берүүсү тек гана башынан өткөргөн кайгылуу күндөрдү эске салуу эмес, ал бардык элдин жүрөгүнө согуш калтырган такты, жаратты эскерүү менен, мындан ары андай трагедияны болтурбай коюуга чакырган гумандуулугу болуп эсептелет.

«Саманчынын жолу» повестинде эч кандай кагылыштар, конфликттер жок деген корутунду чыгышы мүмкүн эмес. Толгонайга теңме-тең келген кагылышуу — бул Толгонайдын керт башына жана элге алып келген согуштун кыйынчылыгы жана трагедиясы. Жекшенкулдар менен болгон күрөш жана согуштун алып келген адам көтөргүс кыйынчылыгы менен болгон күрөштүн салмагын салыштыруу мүмкүн эмес. Толгонайдын Жекшенкул менен күрөшүп жарадар болушу – анын «согуш» деген «кара күч» менен жүргүзгөн күрөшүнүн бир гана үзүмү. Толгонайдын образынын монументалдуулугу да мына ушул көтөргөн жүгүнүн оордугунда. Толгонай согуш алып келген кыйынчылык, кайгы-мундун бардыгын чыныгы совет адамына гана мүнөздүү болгон кайраттуулук, каармандык менен көтөрдү да, акыры жеңип чыкты.

Субанкул менен Касым согушка кеткен соң, ал колхоздо бригадир болуп калат. Анын мына ушундан кийинки тагдырында трагедия артынан трагедия болот. Бирок Толгонай улам бир кайгыдан улам чыйралып, улам анын мүнөзүндөгү жаңы сапаттар жарыкка чыга берет. Ал барган сайын согуш алып келип жаткан кайгысына кужурмөн, уюштургуч эмгеги менен жооп берип отурат. Дагы бир деталга көңүл бурууга туура келет. Жумушка чыкпай, кээ бирлери урушуп кетсе, Толгонай алар менен айтышып отурбастан, алардын ордуна өз балдарын күн-түн дебей жумушка айдай берет. Айтматовдун калемине таандык майда гана бир деталдан күтүлбөгөн бир чоң маселени чечип коюучу чеберчиликти мындан да таасын байкайбыз. Автор: «ал элди башкаруунун тигиндей ыгын, мындай жолун да билүүчү», - деп кургак баяндабайт. Тек гана Толгонай бригадир болгон биринчи учурду каармандын өзүнүн эске салуусундагы бир штрих менен, ошол эле өзөгүнөн ажырабай тургандай кылып гана берет. «Толгонай башкалардын иштешип талап кылыш үчүн, же аларды иштетиш үчүн өз балдарын үлгү катары көрсөтүп күн-түн жумушка салган, элдин кежирлигинин кендирин кескен», - деп айтып отурбаса деле Толгонайдын сөзүн окуучу да, ошол жердеги эл да ачык түшүнүп турат. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын образдары ушундайча сюжеттин өнүгүшүндө, өзүлөрү катышкан эпизоддордо эле диалектикалык жол менен закон ченемдүүлүктө түзүлүп жүрүп отурат.

Толгонайдын согуш мезгилинде тылда иштеген ат көтөргүс салмактуу иши, патриотизми мына ушундан ары чыгармадагы окуялардын жүрүшүндө уламдан-улам дааналанып тартыла берет. Мында ушинтип, бригадир болуп иштеп жүргөн учурунда Майсалбектин фронтту көздөй ошол өзүлөрүнүн станциясы аркылуу өтө тургандыгы жөнүндө кабар алышат. Майсалбекти тосуу учурунда Толгонайдын энелик мээрими, кайраты, биринчи терең кайгысы ачык көрүнөт. Жазуучунун чеберчилиги ушул жерде Толгонайдан башка дагы бир каармандын мүнөзүн ошол аянычтуу кырдаалга байланыштуу ачып жаткандыгында. Алиман менен Толгонайдын мамилесинен адаттагы кайнене менен келиндин эмес, жалпы үй-бүлө, болгондо да бири-бирине тереңдеп сиңип кеткен ынтымактуу үй-бүлөнүн мамилесин көрөбүз.

Алимандын адамгерчилигиндеги, психологиясындагы бийик сапаттар ушул сыяктуу турмуш кырдаальнда улам барган сайын тереңдеп ачыла берет да, анын өмүрүнүн акыркы күндөрүндөгү Толгонай менен болгон мамилесинде даана көрүнөт. Алиман менен Толгонайдын эне-баладай болгон мамилеси оор учурда да — Алиман

никесиз балалуу боло турган болгондо да – бузулбайт. Экөө ажырап кете алышпайт. Кырдаалга жараша Алимандын кош бойлуу болгондон кийинки кайнене менен келиндин мамилесиндеги психологиялык процесстерде Алимандын ким экендиги даана ачылат. Ал турмушту, жашоону сүйгөн, үй-бүлөнү сүйгөн, жарды ардактай билген, ички дүйнөсү ушундай таза, ак көңүл, жароокер адам катарында чыга келет. Алимандын никесиз кош бойлуу болуп калышын бир жагынан күнөөлөгүсү келсе, бир жагынан, анын күнөөсүн көтөрүшүп, аны менен бирге азап чегет. Мына ушундай кырдаалдарда эненин да, келиндин да бири-бирине болгон тунук сүйүү, ардактоо сезимдери, адамгерчилик сапаттары ачылат. Ушул эле кырдаал согуш деген кандай трагедия экендигин дагы бир ирет көз алдынан өткөрүп, ага карата болгон жек көрүү сезимиңди ого бетер курчутат.

Толгонайдын оозунан мына буларды угабыз: «Ушинтип согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда оор жол болду го. «Тү, сенин бетиңе, дүйнө! - дедим. - Кечтим сенден, кечтим. Жашагым келбейт! Бүгүндөн калбай өлөм!» - деп ниетим бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Мен ушинтип келе жатканда, чапанымдагы бала тирүү жандай улам кыбырап, улам үн чыгарып, ыңаалап ыйлап жатты. Анын денеси жүрөгүмдүн астында улам жылуу тартып, боорума жакындай берди... [4: 76]

Ушул кичинекей баян өлчөөсүз зор күн алкагын өзүнө батырган бир тамчы шүүдүрүмгө окшошуп кетет. Ага өтө узун убакыт, көп түрлүү окуялар, ар кыл тагдырлар, жалпы адамзатты толкундаткан, санааркаткан, кыялданткан проблемалар сыйган. Демек, тарыхый горизонттун кеңдиги жагынан, темасынын масштабдуулугу жагынан, жалпылоочу күчүнүн тереңдиги жагынан, идеялык жана көркөмдүк таасиринин өткүрлүгү жагынан «Саманчынын жолу» атактуу «Жамийла» повестинен бир канча бийик даражага көтөрүлгөн.

Чыңгыз адабиятка киргенден тартып эле өз боордош калкынын тагдырындагы тенденцияны кыраакы баамдап, өз чыгармаларында көркөм чагылтууга аракет кыла баштаган. Кийинки чыгармаларында ошол аракетин кадимкидей ишке ашыра алды. Ал биздин улутту башка улуттардан айырмалаган белгилерди эмес, алар менен жакындаштырып турган, жакындаштырып бараткан жана мындан ары ого бетер жакындаштыра берүүчү белгилерди кармап, көбүнчө ошолорго ориентация жасайт. Ал эч качан карандай окшоштукка, турмуштук көрүнүштөрдүн фотографиялык сүрөтүн тартууга умтулбайт, жергиликтүү колорит дегенди да, турмуштук кырдаалды да, улуттук мүнөздү да жалпы адамзаттык идеялар менен проблемалар чөйрөсүн ачууга багындырат. Анын ушул касиеттери «Саманчынын жолунан» өтө таасын байкалат. Чыгарманын жүрөгүн иштетип, канын айландырып турган – жалпы адамзаттык зор идеялар, ал эми улуттук элементтер ошол идеялардын ачылышын шарттап турган багыныңкы жагдай катары гана кызмат кылат.

Ч. Айтматов адамдык жаратылышы, дүйнөнү сезүүсү жана көркөм ойлоо түзүлүшү жагынан – акын. Ал чыныгы акын сыңары чоң категориялар менен, масштабдуу, бүкүлү-бүкүлү ойлонот. Көрүнүштөрдүн урунттуу жактарын кармап, аларды коюулантып, биринчи планга чыгарып, символикалык түрдө жалпылап берет. Ал көп учурда турмуштук сүрөттөрдү ийне-жибине чейин майдалап деталдаштырбайт, адамдын психологиялык табиятын жана моралдык дүйнөсүн билинер-билинбес кыймылдарына чейин тирмие анализдеп отурбайт, каармандарынын тышкы кебетесин «кармалап көргүң келгидей» кылып индивидуалдаштырбайт. Ошол себептен анын кийинки чыгармаларында прозаныкына караганда поэзиянын стихиясы күчтүүлүк кылат.

Ч. Айтматов: «Ажайып искусство образдарында, башкача айтканда, азыркы мифтерде, аңыз-аңгемелерде (легендаларда), классикада сакталып калган рухий таржымалы менен тарыхын унутуп калган адам акыл-эс жагынан эч качан жарыбайт,

андай адам азыркы ашкан татаал турмушту аңдаганга алсыздык кылат», - дейт [5: 23]. Айтор, архаикалык коллективдүү элес-түшүнүктөрдүн, элдик этика менен эстетикадагы нускалуу салттардын кайгалангыс бөтөнчөлүктөрүн жана жалпы адамзаттын жашоо-турмушундагы маани-маңызын айгинелөө аракети жаңы жазмалуу адабияттар өкүлдөрүнүн чыгармачылыгына өзгөчө мүнөздүү. Албетте, жазмасы жаңы элдердин социалдык-экономикалык жана маданий турмушу азыр аябагандай өзгөргөн. Бирок алардын эчен бир кылымдарды карыткан маданий өнүгүү тарыхы канткен менен элдин эстетикалык эсинде сакталбай койбойт. Жазмасы жаш элдер менен адабияттардын Г. Гачев айткан алиги «ашкан зор артыкчылыгы» алды менен жалпынын (дүйнөлүк маданияттын) бөтөнчө (этностук, улуттук) жана жалпы (жеке адамдык) көрүнүшү болуу абалына жетишкен мына ушундай жаңы типтеги алдынкы адамдардын, алсак, Ч. Айтматов сыяктуу жазуучулардын чыгармаларында чынга чыгууда. Адамзат азыр башынан кечирип жаткан ашкан татаал турмуш жана дүйнөлүк маданий өнүгүүнүн бүгүнкү бийиктиги аларга өз элдеринин жашоо-тиричилиги менен аң-сезиминдеги мифологиялык архаиканын семантикасына сергек саресеп салып, аны терең философиялык-моралдык жалпылоолор үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берүүдө. Бул тенденция Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында алгач ирет акын «Саманчынын жолу» повестинен ачык көрүндү.

Повесттин акырында Адам-Эне менеп Жер-Эненин орошон образдары бири-бирине жуурулушуп, жактоону жаратып, түбөлүктүү күчтүү символуна, ал эми «Саманчынын жолу» адамзаттын жолуна, башкача айтканда, өлбөс-өчпөс өмүрдүн, түгөнбөгөн тирүүлүктүн, жаркыраган жашоо-турмуштун жалпыланган философиялык жана метафоралык туюнтмасына айланат. Айтматовдун чыгармачылыгындагы архаика менен азыркынын, тарыхый конкретика менен философиялык символиканын, реалдуулук менен шарттуулуктун, убактылуу менен түбөлүктүүнүн, адам менен жаратылыштын ажырагыс биримдигине жана өтмө катар байланыштуулугуна ушул көркөм багыт анын кийинки повесттеринде барган сайын күч алып, жүрүп отурат.

**Адабияттар:**

1. Асаналиев К. Көркөм нарк: Адабий сын макалалар. -Фрунзе: Кыргызстан, 1988. - 236-б.
2. Айтматов Ч. Саманчынын жолу. Повесттер жана аңгемелер. -Фрунзе, 1963.
3. Айтматов кечээ жана бүгүн: Кош тилдүү чыгармачылык жана көркөм ойлоо маселеси. - Бишкек, 1995. -154 б.
4. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында “филология” адистиги боюнча окуп жаткан студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек, 2004. - 656-б.
5. Акматалиев А. Значение творческой активности Ч. Айтматова в процессе взаимообогащения национальных литератур. - Бишкек, 1994.
6. Гачев Г. Д. О национальных картинах мира. -Фрунзе, 1967.
7. Гачев Г. Чингиз Айтматов (в свете мировой культуры). - Фрунзе, 1989.
8. Кыргыз совет прозасынын очерки: 1-бөлүм. - Фрунзе: Кыргыз ССР Илимдер академиясынын басмасы, 1957. -112 б.
9. Өрдөн өргө: Адабий сын макалалар. - Фрунзе: Кыргызстан, 1977. - 212 б.